Бишкек шаарындагы А. Каниметов атындагы
№1 жалпы билим берүүчү гимназия-интернатынын
табигый илимдер кафедрасынын жетекчиси
Сүйүндүкова Мейизгүл Иманалиевнанын
декадада жүргүзүлгөн иш-чаралар боюнча

**Анализи**

Табигый илимдер кафедрасында өткөрүлүүчү декаданын биринчи бөлүгү 22-ноябрдан 2-декабрга чейин өткөрүлдү. Декаданын ачылышында кафедрадагы бардык мугалимдер дубал газеталарды, ар кандай предметтерине байланыштуу бурчтарды уюштурушту. Декада учурунда  биология мугалими Абзиева Айгүл 6-б класстар менен “Үрөндүн дем алышы, өсүндүсүнүн азыктанышы өсүшү, үрөндү себүүнүн убактысы жана тереңдиги” жана 8-б класс менен “ Бой тутуу  булчуң жана тери”, химия мугалими Нурдин кызы Айжан  8-а класс менен “ Химиялык сандык катыштар. Моль- заттын саны”, 10-класстар үчүн “ Этилендин алынышы жана колдонулушу”, жана ошондой эле география мугалими  Сүйүндүкова Мейизгүл 7-б класстар үчүн, “ Африка материгинин  физикалык -географиялык абалы боюнча практикалык иш №3”,  “Азиянын макрорегиондору. Кытай. Жалпы маалымат” деген темада 11-класстар үчүн ачык сабак,  география мугалими Дуйшенкулова Ширин 6-а класстар үчүн “ Жер  Күн системасындагы планеталардын бири”,  9-а класстар үчүн “ Жаратылыш ресурстарын конструктивдүү материалдарга кайрадан иштетип чыгаруу жана жыгач иштетүү өнөр жайы”  деген темада көрсөтмөлүү ачык сабактарды өтүштү. Кафедрадагы мугалимдер сабакта  азыркы учурдун талабына ылайык инновациялык сабактарды өтүү менен ар бир сабакта  интерактивдүү усулдарды пайдаланып, көргөзмөлүү, слайд, видеоматериалдарды колдонуп сабактарды өтүштү. Окуучулар сабакка активдүү, чыгармачылык менен  катышышты.    Ошондой эле табигый илимдер кафедрасындагы бардык мугалимдер жакшы окуган окуучулардын арасында “ Интеллектуалдык марафон” уюштурулуп окуучулардын арасында эң жогорку деңгээлдеги  таймаш өткөрүлдү.
Сабакка катышкан педагогдордун пикиринде табигый илимдер кафедрасынын декадасында мыкты сабактар өтүлгөнү бааланып, жакшы каалоо-тилектер айтылды